
**50-БӨЛҮМ**

# Айылдык реабилитациялык программаны уюштуруу, башкаруу жана каржылоо

## УЮШТУРУУ ЖАНА БАШКАРУУ – АДАМГА БАГЫТТАЛГАН ЫКМА

Биз 45-бөлүмдө коомчолук реабилитациялык программаларды уюштуруунун негизги эки түрүн (“жогорудан төмөн” жана “төмөндөн жогору”) карап өттүк. “Төмөндөн жогору” принцибинин негизинде түзүлгөн, б.а. ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, алардын жакындары жана коомчодогу башка кызыкдар адамдар тарабынан башталган программалар ишти уюштуруу жана башкаруу мүнөзү боюнча “жогорудан төмөн” принцибинин негизинде түзүлгөн программалардан бир кыйла айырмаланат.

**“Төмөндөн жогору” принциби боюнча түзүлгөн, б.а. “адамга багытталган” уюмдун негизги мүнөздөмөсү – программаны иштетүүгө катышкандардын же андан пайда тапкандардын бардыгы бир бирине карата теңата болуу.**



- Бардыгы бири бирине карата тең абалда болот.
- Лидерлери программанын “чоңдору” эмес, координаторлору болушат.
- Чечимдер иш тобун түзгөн мүчөлөрдүн бардыгынын катышуусу менен кабыл алынат. Топ биригип же анын мүчөлөрү өз алдынча, чечимдерге ачык каршы чыга алышат.
- Ар биринин укуктары бирдей жана бардыгы бирдей сый-урматка ээ. Айылдагы ***реабилитациялык*** борбордун кызматкерлеринин же сырттан келген адистердин сунуштарына кандай маани берилсе, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланын же анын ата-энесинин ой-пикирине деле так ошондой эле маани берилет. Баары – реабилитациялык топтун тең жана баалуу мүчөлөрү.

Адамдарга багытталган программада бөлмөлөрдүн түпкү беттерин жалтырата жуу, кечикпей келүү, маалыматтарды так жазып алуу, иштөө сааттарынын саны же жумушчулардын ар бири бир айда канча дөңгөлөктүү отургуч жасады деген сыяктуу нерселерге караганда, ак ниеттүүлүккө, достукка жана бир биринин муктаждыктарын канааттандыруудан жаралган кубанычка көп учурда көбүрөөк маани берилет. Программанын ийгиликтүүлүгү ага формалдык ***баа берүү*** менен эмес, **“жылмаюу фактору”**: кызматкерлер, ата-энелер жана балдар – бардыгы жалпы ишке кошкон салымынан жана андан алган пайдадан өздөрүн канчалык жакшы сезүүсү менен ченелет.



ЖЫЛМАЮУ ФАКТОРУ – кыязы, программанын ийгиликтүүлүгүнүн эң мыкты ченеми.
(Сүрөт: UNICEF/T.S. Satyan)

## PROJIMO программасынын ыкмасы: ишти формалдуу эмес жүргүзүү жана баары биригип башкаруу

Биз, PROJIMO программасында иштегендер, “уюштуруу жана башкаруу” маселелери тууралуу адис катары сүйлөй албайбыз. Жетишкендиктерибиздин себеби – **бизде формалдуу уюшуунун же түзүлүштүн жоктугунда** деп да кээде ойлоп кетебиз. Биз колдонгон уюштуруу жана башкаруу ыкмасы формалдуу эмес. Аны аздыр же көптүр катышуучулардын бир бири менен кызматташууга даяр болуусу менен мүнөздөөгө болот. Бизде “башкаруучулар” менен “кызматкерлердин” ортосунда так айырмачылык жок, атүгүл “кызматкерлер” менен биздин кызматты колдонгон “бейтаптардын” ортосунда да так чекти байкоо кыйын. (Чынында, биз “бейтап” жана “кардар” деген сөздөрдү пайдалануудан оолак болгонго аракет кылабыз.) Ата-энелерге, балдарга, бизге келгендерге жана дегеле кимге болбосун – баарына эшигибиз ачык. Алардан күткөнүбүз – бизге колунан келген жардамын берип туруу. PROJIMO иш тобунун мүчөлөрүнүн көпчүлүгү адегенде өздөрү реабилитация же көмөкчү жасалгаларды издеп келген, ден соолук бузулуулары бар адамдар. Алар борборубузга колунан келген жардамды берүүдөн башташып, үйрөнүү жана иштөө максаты менен акыры мында калып калышкан. Айрымдар бир нече жумага же айга калышып, жаңы ык-жөндөмдөрдү үйрөнүшүп, өзүнө ишенген абалга жеткенде, башка бир ишти баштоо максаты менен программабыздан кетишет. Башкалары бизде бир топ жылга калышат. Кээ бирлер борборубузга бирде келип, бирде (бир топ убакыт өткөндөн кийин) кайра кетип жүрө беришет.


PROJIMO чоң үй-бүлөнү, негизинен чогуу чоңойгон жаш адамдардан турган үй-бүлөнү элестетет. Жумушчу тобубуздун көпчүлүгү реабилитациядан пайда алган, иш аткарганды жана бир бири менен мамиле түзгөндү үйрөнгөн жаш адамдардан турат. Атайын даярдыгы бар тажрыйбалуу жумушчулар иштеген өндүрүштөрдө колдонулган, “өндүрүүнүн эффективдүүлүгүн” баалоо критерийлерин жана алдына койгон максаттарды бизде колдонууга болбойт. Бизде ары-бери буйрук берип турган “начальник” жок. Бирок ден соолук бузулуулары бар балдардын муктаждыктары биз катуу иштөөбүздү жана колубуздан келгенди өз убагында аткарып берүүнү талап кылат. Иштөө убактыбыз ийкемдүү. Түштөн кийин анда-санда бош убакыт пайда болгондо, биздин кызматкер сайга барып түшүп, эс алып турабыз. Эртеси эртең мененки автобус менен үйүнө кайтуусу керек болгон үй-бүлөгө ортезин, протезин же дөңгөлөктүү отургучун бүтүрүү үчүн, иш тобубуздун бир топ мүчөлөрү түнкү саат он экилерге чейин калып иштеген күндөрүбүз да болуп турат. Минтип иш убактысынан тышкары иштөөнү аларга бирөө буйруганынан же мындай иш үчүн кошумча акча алуу максаты менен эмес, баланын атасы жумушунан дагы бир күнгө калып калбасын же үйүндө калып калган оорулуу баласына апасы сарсанаа болбосун деген ойлор менен кызматкерлер ушул чечимге келишет.

Кошумча иштөөнү жана жоопкерчиликти талап кылган жагдай жаралганда, буга алыбыз жетер-жетпес бекенин жумушчу тобубуз бүтүндөй чечебиз. Мисалы, бир күнү дээрлик бүтүндөй денеси ***шал болгон*** (квадриплегия) Хулио аттуу өспүрүм эркек баланы бизге алып келишти. Баланын денесинде абдан олуттуу эт оюлуулар бар болуп чыкты. Ал башкалардын жардамынан толук көз каранды жана аны улам-улам карап туруу керек экен. Үй-бүлөсүнүн бир да мүчөсү аны менен борбордо кала албаганын бизге билдиргенде, курамыбызда бирөөнү карoo иши боюнча атайын даярдыгы бар адамыбыз жок экенин эске алып, Хулиону PROJIMO программасына кабыл алууга даяр бекенибизди чогулуп алып талкууладык. Кээ бирлерибиз аны кабыл алууга каршы болушту. Башкаларыбыз Хулионун үйүндөгү жагдайдын оордугун эске алып, аны кабыл алууну чечишти. (Баланын өгөй атасы энеси баласын карап, борборубузда калуусуна каршылыгын билдириптир.) Ошентип, Хулиону кароого айрымдарыбыздын жардам бергиси келбегенине карабай, көпчүлүгүбүз аны кабыл алалы деп чечтик. Эң кызыктуусу – башында жардам бергиси келбегендердин кээ бирлери иш жүзүндө Хулио менен эң көп убакыт өткөргөндөрдөн болуп чыгышты. Жумушчу тобубуз Хулионун эт оюлууларын айыктыруу иш-аракеттеринде сонун натыйжаларга жетишип, жеке муктаждыктарын канааттандырууга гана көп көңүл буруп тим болбой, бала менен жакындашып, жакшы достордон да болуп калдык.



Азыр Хулио PROJIMOдо лидерлеринин бири. Күн сайын кечкисин ал жумушчу тобубуздун ар бир мүчөсү аткарган ишин кагаз бетине түшүрүп каттап турат.

Илдет пайда болуу жана андан ары өрчүү таржымалын чогултканды жана кеңеш берип жардам бергенди үйрөнүп алуусу үчүн, жумушчу топ Хулиону ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү башка балдардын муктаждыктарына ***баа берүүгө*** катышууга чакырды. Хулиого негизги "көзөмөлчүнүн", б.а. күнүгө аткарууга керек болгон иштердин жана алардын аткарылышы үчүн жооптуулардын тизмесин иштиктүү ирээтте кармаган адамдын иши да жүктөлдү. Хулио ошол иштер аткарылып жаткан-жатпаганын текшерип, алар өз убагында аткарылып турuусун эстетүүгө муктаж болгондор менен сүйлөшүп турчу. Хулио абалына байланыштуу ары-бери оңой которула албагандыктан, ал бирөөбүздү башка бирөөбүзгө жибергенде, ал сөзсүз түрдө Хулиого келүүсү керек деп, бардыгыбыз сүйлөшүп алдык. Ошентип, жумушчу тобубуздун мүчөлөрүнүн арасынан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү эң чектелүүсү болгон Хулиого программаны башкаруу боюнча эң кенен бийлик берилди. Бул программанын принциптерине толугу менен туура келет: **бийликти адилеттүү бөлүштүрүү аркылуу гана алсыздар жана колуна жоктор коомдо татыктуу орунга жана беделге ээ болушат.**



PROJIMO программасында эч кандай "начальниктин" жок болгону айрым көйгөйлөрдөн оолак болууга жардам бергени менен, ошол эле учурда, белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратпай койбойт. Ар бирибиз ишибизге кызыкдар болуубуз, бир бирибизге басым кылуубуз, балдардын шашылыш муктаждыктары жана ата-энелер жасаган ишибизге ыраазы болуусу – ушулардын баары ишти жакшы кылууга өбөлгөлөөчү негизги нерселерге кирет. Жумушчу тобубуздагы айрым мүчөлөр башкаларыбызга салыштырмалуу көбүрөөк ынталуулук менен иштешет. Эгер кимдир-бирөө жетишсиз иштей баштаса же дагы башка көйгөйлөр пайда болсо (мисалы, үй-бүлөлөргө карата оройлукка жол берилсе), жумушчу тобубуз чогулуп, буга жооптуу мүчөбүз менен сүйлөшөбүз. Чектен ашкан жагдайларда, мындайга жол берген мүчөбүзгө же биздин талаптарыбызга жооп берип иштөөсү керек, же арабыздан чыгып кетүүсү керек деген шарт коёбуз. Ушу кезге чейин бизден кеткендердин бардыгы – өз ыктыяры менен кеткендер гана.

Жумушчу топтун ар бир мүчөсү илдетинин мүнөзүнө жана катаалдыгына жараша ар түрдүү, өзүнүн ылдамдыгы жана эффективдүүлүгү менен иштөөгө гана жөндөмдүү. Ушул себептен, топтогу ар бир адамдын иши ал канчалык көп өндүрүп жатканына жараша эмес, алына карап мүмкүн болушунча жасап жатканына жараша бааланат. Жоопкерчилик менен иштеген адам тез иштей албаса да, көбүрөөк маяна алат. Колдо бар акча каражатынын чегинде ар бири кандай маяна алууга татыктуу экенин жумушчу топ чогулуп чечет. Иштөө нугун жана зарыл ык-жөндөмдөрдү, волонтёр катары, жаңыдан үйрөнүп келаткан, жумушчу топтун жаңы мүчөлөрүнө алардын баш калкалоочу бөлмөлөрү жана тамагы гана үчүн каражат камсыз кылынат. Кийин, канчалык жоопкерчиликтүү жана ынталуу иштегенине жараша алар маяна алып башташат жана анын өлчөмү көтөрүлөт. Муну жумушчу топ чогулуп чечет.

Жумушчу топ белгилүү бир бирдей мөөнөт сайын, үзгүлтүксүз түрдө чогулуп, алдыга коё турган пландарын жана кимиси кайсы жумушту жасоого жоопкерчиликти аларын талкуулап чечип турат. Программанын түрдүү аспекттери – кеңеш берүү иштери, алынган маалыматты кагаз бетине түшүрүп каттоо, аткарылган ишке жана сарпталган каражаттарга эсеп-кысап жүргүзүү, көмөкчү каражаттарды же дөңгөлөктүү отургучтарды жасоо сыяктуу, устаканадагы түрдүү иштер – жумушчу топтун ар башка мүчөсүнө жүктөлөт. Оюн аянтчасын иштеген абалында узак мөөнөт сактоо, программадагы административдик-чарбалык иштер, тамак даярдоо жана тазалоо сыяктуу иштерди топтун мүчөлөрү кезектешип аткарып турушат. Бир адам топтун ар бир мүчөсүнүн иштеген сааттарынын санын күнүгө каттап турат. Мунун негизинде айлык маяна маселеси чечилет.



PROJIMO жумушчу тобунун мүчөлөрү жума сайын чогулуш өткөрүшөт.

Ишти уюштуруунун мындай ыкмасы толугу менен формалдуу эмес мүнөзгө ээ, жана анын түзүмү ийкемдүү. Бул эч качан токтобогон, иш жүзүндө кылып көрүү жана өзгөрүп туруу процесси. Кыскача айтканда, бир нече адам топ болуп чогулуп, тең укуктуу адамдар катары кантип чогуу иштесе жана жашаса болорун үйрөнүшөт. Кээде бир нерселерден жакшы майнап чыгат, ал эми башкалары анчалык натыйжалуу болбойт. Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн ар бирин талыктырбай алдыга умтулткан нерсе – алар кылып жаткан нерселердин өзгөчө, демейдегиден бөтөнчө болуусу, адамгерчиликтүүрөөк жана адилеттүүрөөк коомдук жагдайды, адегенде кичинекей адамдар тобунун ичинде гана болсо да, түзүү иши.

# БААЛОО

Иште пайда болуп турган көйгөйлөрдү оңдоп, иш аткаруу нугуна жакшыртууларды киргизип туруу үчүн, жергиликтүү коомчолук программанын мүчөлөрү аткарылып жаткан иштерин **үзгүлтүксүз түрдө баалап туруулары** зарыл.

**Баалоо – көйгөйлөрдү чечүү жана ишти пландоо үчүн курал.**

**Формалдуу эмес баалоону** бат-баттан аткарып турса болот: жумушчу топ жумасына бир жолу (же атүгүл күн сайын бир нече мүнөткө) чогулуп, ишиндеги ийгиликтерди жана кыйынчылыктарды, эмнеден жакшы майнап чыгып жатканын, а эмнеден чыкпай жатканын талкуулашат. Жумушчу топ чечимдерди чогуу издеп, пландарды чогуу түзүшөт.

**Формалдуураак баалоону** ар бир айдын жана ар бир жылдын аяктарында жасоого болот.


PROJIMO жумушчу тобу ар бир айдын аягында төмөндөгү маалыматтарды чогултуу үчүн түзүлгөн баалоо формасын толтуруу ишин жүргүзөт:

- ишке катышкан кызматкерлердин саны жана алардын аты-жөнү; ар биринин милдеттери; иштеген сааттарынын саны жана алынган маяналары;
- борбордо жана үйлөрүндө текшерилген балдардын саны (биринчи жолу келгендери жана буга чейин келгендери); алардын жашы; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген негизги илдетинин түрү; анчалык олуттуу эмес дагы мындай илдеттер;
- PROJIMO борборунда бирден ашык күгө калган балдардын саны; канча убакытка; үй-бүлө мүчөсүнүн кимиси бала менен калган;
- балдарга жана үй-бүлөлөрүнө көңүл буруу: үйрөтүүгө же терапияга кеткен сааттардын саны; атайын алар үчүн даярдалган же мурункудан калган ортездердин, протездердин, дөңгөлөктүү отургучтардын жана башка көмөкчү каражаттардын же жабдуулардын саны;
- жогоруда келтирилгендердин чыгымдарын эсептөө; анын ичинде, чыгымдардын канча бөлүгүн үй-бүлө өзү төлөдү, ал эми канчасы көмөкчү фонддон (484-бетти караңыз) төлөндү;
- финансылык эсеп-кысаптан алынган корутунду, анын ичинде, программага түшкөн жана сарпталган бардык акча каражаттарынын тизмеси;
- PROJIMO жумушчу тобу жана ата-энелер тарабынан конкреттүү балдарга карата аткарылган баалоодон корутунду (бул корутундуга борборго кайра келген балдардын тизмеси жана алардын абалынын өзгөрүүсү, организмдеринин берилген кеңештерге, үйдөн аткарылган терапияга же көмөкчү каражаттарга болгон жооптук реакциясы боюнча маалыматтар кирет);
- жергиликтүү коомчонун мүчөлөрүнөн (балдардан жана чоң кишилерден) болгон ыктыярдуу жардам же алардын катышуусу;
- сырттан атайын чакырылган адистердин саны жана адистиги;
- башка реабилитациялык борборлор, программалар жана жергиликтүү коомчолор менен түзүлгөн жаңы мамилелер же биргелешкен иш-аракеттер;
- ата-энелер жана алардын балдары PROJIMO программасы аларга кылган кызматынан эмне пайда алышты, программанын кызматкерлеринин аларга карата мамилесине кандай баа беришет; программанын ишине карата кандай сындары бар, аны жакшыртуу үчүн, кандай сунуштарды берет эле сыяктуу нерселерди сурамжылоонун негизинде ата-энелерден чогултулган маалыматтар;
- PROJIMO борбору аткарган негизги иш-аракеттеринин ар бириндеги олуттуу көйгөйлөр жана ийгиликтер;
- корутундулар жана сунуштар.

PROJIMO программасынын ишин баалоо үчүн керектүү маалыматтарды чогултуу максатында, борборго биринчи жолу келип, текшерүүдөн өткөн үй-бүлөлөрдөгү ар бир **ата-энеге**, алар үйлөрүнө кайтаар алдында, **сурамжылоо баракчасы берилет**. Баласынын абалы оң жагына өзгөргөн-өзгөрбөгөнүн билүү үчүн, бир нече айдан кийин аларга дагы бир ушундай сурамжылоо баракчасы жөнөтүлөт.

PROJIMO программасынын кызматкерлери алар колдонгон сурамжылоо баракчаларынын жана формаларынын сапатына эмдигиче канааттанбай, аларды улам-улам тууралап өзгөртүп турушат. Биз, ушул себептен, алардын үлгүлөрүн бул жерге келтирген жокпуз. Ошентсе да, биздин формалар, азыркы түрүндө, өздөрүнүн формаларын түзүүгө жардамы тийет деп ишенген кызыкдар адамдарга формаларыбыздын үлгүлөрүн жиберүүгө даярбыз.


Ай сайын жазуу түрүндө аткарылган баалоодон тышкары, PROJIMO жумушчу тобу ар бир жылдын аягында "баалоо кечесин" өткөрүп турат. Кечеге ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын жана ата-энелеринин айрымдары, жергиликтүү коомчонун кээ бир мүчөлөрү чакырылат. Өтүп бара жаткан жылда аткарылган иштерге, андагы көйгөйлөргө жана ийгиликтерге баа берилет. PROJIMO программасынын алдыга койгон узак убактылуу максаттары жана ишти жүргүзүү багыты талкууланат. Ушул талкуулоонун негизинде келерки жылга пландар, өзгөрүүлөр, жаңы иш-аракеттер жана максаттар коюлуп белгиленет.



Үй-бүлөлөр PROJIMO борборуна биринчи жолу келгенде, аларга программанын кызматы сүрөттөлгөн маалымдоо баракчасы берилет. Ал баракчада программанын төмөнкү аспектилери камтылган:

- программаны аткаруунун себеби
- кызматкерлери ким
- үй-бүлө кандай жардам бере алат (эмне иш аткара алат)
- жууркан-төшөк, тактай, аркан, тамак-аш сыяктуу нерселерди кайыр-садага катары тартуулоо сураныча
- камсыз кылынган кызматтар
- борбор иришкен, адамдын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген илдеттер

Маалымдоо баракчасы төмөнкүчө башталат:



***PROJIMO ПРОГРАММАСЫНА КОШ КЕЛИҢИЗ!***



PROJIMO программасында иштегендердин ичинен көпчүлүгүбүз ден соолугубуздун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, айыл тургундарыбыз. Ден соолук бузулуулары бар балдар коомубузда кандай кыйынчылыктарды өз башынан кечирерин, туура келген реабилитациялык кеңештер жана кызматтар менен камсыз болуу көптөгөн үй-бүлөлөр үчүн канчалык кыйын экенин биз жакшы түшүнөбүз. Ортопедиялык көмөкчү каражаттар жана физикалык терапия абдан кымбат турат. Акысыз кызматтар жокко эсе, болсо да муктаж болгон балдардын бир аз санын гана тейлөөгө жетет. Ушул себептерден, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын көбүнө, айрыкча айыл жергесинде жашагандарына, атүгүл баштапкы реабилитациялык кызматтар жетишпейт.

Ден соолук бузулуулары бар балдарына алар муктаж болгон тейлөө кызматтарын экономикалык же башка себептерден улам алып бере албаган үй-бүлөлөр көп. Биз PROJIMO программасын ушундай үй-бүлөлөрдөгү балдарды достук кеңештер, терапия жана ортопедиялык көмөкчү каражаттар менен камсыз кылуу үчүн түздүк.

**Үй-бүлө мүчөлөрү реабилитациялык программанын кызматкерлери катары**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын көпчүлүгү үчүн реабилитациялык иштерди үйлөрүндө аткаруудан артык нерсе жок. Эң мыкты "терапевттер" – баланы баарынан артык көргөн жана аны түшүнгөн адамдары: анын үй-бүлөсү.

**Биздин максат – сизге – баланын ата-энеси жана туугандары – балаңызга эң мыкты реабилитациялоону жана башка мүмкүнчүлүктөрдү мүмкүн болушунча камсыз кылууңузга жардам берүү.**

PROJIMO борборунда биз үй-бүлөдөй жашайбыз. Биз сизди жана сиздин балаңызды ишибизге жана иш-аракеттерибизге катышууга чакырабыз. Сизге сураныч: сунуштарыңызды жана ой-пикириңизди биз менен бөлүшүңүз. Балаңызга (же башка балдарга) көнүгүүлөрдү жана көмөкчү каражаттарды жасоодо, PROJIMO программасын иштиктүү ирээтте кармоодо жана анын аткарган ишине берген жардамыңыз үчүн ыраазыбыз.

**СУРАНЫЧ: БИЗ БАШКАЛАРГА ЖАРДАМ БЕРЕ АЛЫШЫБЫЗ ҮЧҮН, БИЗГЕ ЖАРДАМ БЕРИҢИЗ.**

# КАРЖЫЛОО

## Өзүн каржылоо мүмкүндүгү тууралуу миф

Коомчолук программалардын көбү финансылык жактан өз алдынча болууга умтулушат. Программа тышкы булактардан көз каранды болбой калганда гана коомчо жана программанын катышуучулары "Бул толугу менен биздин программа. Биз аны иштетебиз. Биз аны башкарабыз. Негизги чечимдерди биз өзүбүз кабыл алабыз." деп ишенимдүү айта алышат.

Бирок иш жүзүндө жалпысынан медициналык программалар, алардын ичинде, реабилитациялык программалар үчүн экономикалык көз карандысыздыкка жетүү абдан оор. Бул айрыкча негизинен өтө жакыр жана муктаж адамдар менен иштеген программалар үчүн мүнөздүү. Кедей кембагал тапканын балдарынын тамагы менен кийимине эптеп жеткирет, анысы да дайыма эле жете бербейт. Оорулуу баласын дарылоо жана реабилитациялоо үчүн кошумча чыгымдар, атүгүл мындай кызматтардын акысы анча кымбат болбосо деле, кембагал үй-бүлө үчүн көтөрө алгыс жүк болушу мүмкүн.

**Бардык социалдык программалар үчүн экономикалык көз карандысыздыкка жетүү жолундагы эң чоң тоскоолдук – жакырдык.**

Жакырдыктын кеңири жайылышына социалдык адилетсиздик себеп болгон өлкөдө реабилитациялык кызматтарга же көмөкчү каражаттарга кеткен чыгымдардын көпчүлүгүн жакыр үй-бүлө төлөөсүн күтүү адилеттүү эмес. Киреше өндүрүүчү иштерди уюштуруу жолу аркылуу программаны тышкы булактардан көз карандысыз кылууга аракеттенүүнү реабилитациялык жумушчу топко талап катары коюуну да адилеттүү деп айтууга болбойт. (Бирок "киреше өндүрүүчү ишмердик" программанын айрым чыгымдарынын ордун толтурууга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды өз алдынча иштеп акча табуусуна даярдоого жардам бериши мүмкүн. Муну биз кийинки бетте талкуулайбыз.)

**Мындай социалдык программанын чыныгы көз карандысыздыкка жетүүсү социалдык өзгөрүүлөрдүн жана улуттук ресурстарды коомдун бардык катмарларынын ичинде адилеттүү бөлүштүрүүнүн натыйжасында гана мүмкүн.** Жумушчу орундар баарына жеткенде жана дээрлик ар бир үй-бүлө өзүнүн негизги муктаждыктарын канааттандыруусуна жетиштүү акча табуусу мүмкүн болгондо гана, мындай программанын финансылык көз карандысыздыгы иш жүзүндө мүмкүн болот. Азырынча, ал тышкы – мамлекеттик же жеке булактардан жардамга муктаж.

## Каржылоо: мамлекеттик же өкмөттүк эмес булактардан?

Идеалда өлкөлөрдүн өкмөттөрү адамдарга багытталган жана коомчолор тарабынан башкарылган программаларга чыгымдарын төлөөсүнө жардам бериши керек. Тилекке каршы, өкмөттүн каржылоосу көп учурда абдан катуу тышкы көзөмөл, анын ичинде алдын ала даярдалып келген, программанын кызматкерлеринин ишин (жергиликтүү коомчонун тургундарына кайсы нерселер жана канча көлөмдө үйрөтүлүшү керек, кызматкерлерге кайсы нерселерди жана канча көлөмдө аткарууга уруксат берилет сыяктуу) пландоо маселелерине тийешелүү (ишке тоскоолдук кылган) чектөөлөр менен коштолот. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана алардын үй-бүлөлөрү татыктуу жашоо үчүн күрөшүүдө борбордук адамдар болбой эле, программанын максаттарына жана талаптарына жетүү үчүн объект болуп калышат.

Мындан тышкары, өкмөттөн каржылоо сурап, ага жетүү жергиликтүү айыл же коомчолук жумушчу топ үчүн негизи оор нерсе. Бүтпөс төрөчүлүк, "алдын ала изилдөөлөр", чектөөлөр жана кечиктирүүлөр түгөнбөйт. Убадалар көп берилет, бирок аз аткарылат. Ушул себептерден улам, өкмөт тарабынан каржыланган, жергиликтүү коомчолорго багытталган программалар деген көрүнүш чынында жокко эсе.*

*Буга жалгыз бир мисал бар: Никарагуадагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү революционерлердин уюму (ORD) – өкмөттүк эмес, адамдарга багытталган программа. Сандинисттердин өкмөтү бул программа үчүн төрөчүлүккө тушалбаган, жакыр үй-бүлөлөргө жардам берген "көмөкчү фонд" түзүп берген (кийинки бетти караңыз). Тоскоолдуктардан бош мындан жардам элине адилет кызмат кылууга саясий эрки күчтүү өкмөттөр бар өлкөлөрдө гана мүмкүн.

## ӨКМӨТТҮК ЭМЕС БУЛАКТАРДАН КАРЖЫЛОО


Мындай каржылоо көптөгөн түрдүү булактардан, алардын ичинде, волонтёрдук агенттиктерден, кайрымдуулук фонддорунан жана диний мекемелерден болушу мүмкүн. Көбүрөөк көз карандысыздыкты камсыз кылуу үчүн, каржылоону бир эмес, бир нече булактан караштырган оң. (Ошол эле учурда, өкмөттөн деле жардам алуу мүмкүн, бирок жергиликтүү коомчонун программа үстүнөн көзөмөлү анын курмандыгы болбоого тийиш, андыктан өкмөттөн алынган жардамдын өлчөмү салыштырмалуу чакан болуусу зарыл.)

Пакистанда, диний (исламдык) мыйзамга ылайык, жарандардын банктардагы аманаттарынан жыл сайын 2,5%га барабар өлчөмдөгү акча каражаты алынып, жергиликтүү коомчолор аркылуу жесир аялдарга, жетимдерге жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга сарпталып турат. 1981-жылы кабыл алынганынан бери ал коомчолук реабилитациялык борборлорго туруктуу түрдө жана улам көбөйүп турган өлчөмдөрдө жардам берүү булагына айланды.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ БУЛАКТАРДАН КАРЖЫЛОО


Программанын чыгымдарынын сезилерлик бөлүгүн – эгер мүмкүн болсо, жок дегенде жарымын – **жергиликтүү коомчо** өзү көтөрүүсү жакшы идея. Программага зарыл каражаттарды төмөнкү жергиликтүү булактардан чогултуу мүмкүн:

- **Тейленген үй-бүлөлөрдөн түшкөн каражат**: Айрым үй-бүлөлөр башка үй-бүлөлөргө салыштырмалуу көбүрөөк төлөй алат. Андыктан, төлөм өлчөмү алардын финансылык абалынан көз каранды болууга тийиш. Башка жерлерден келген үй-бүлөлөрдүн финансылык абалын туура баалоо кыйын болушу мүмкүн. Үй-бүлөлөргө алган тейлемдери үчүн төлөөгө кезек келгенде, PROJIMO программасында “намыс системи” колдонулат. Борбор үй-бүлөлөрдөн алардын финансылык абалына жараша төлөөсүн сурайт. Акча каражатын аз өлчөмдө гана бере алган үй-бүлөлөрдү уялтып кысылтпоо же көбүрөөк бере алган үй-бүлөлөр бой көтөрүүсүнө жол бербөө үчүн, ар бир үй-бүлө бере турган акча каражатын бөлмөнүн бурчуна коюлган жабык кутуга салат. Канча бергенин үй-бүлө гана билет.



Үй-бүлөлөр канча төлөп жатканын, ошол үй-бүлөлөрдөн башка эм ким билбейт.

- **“Натура” түрүндө же иш менен төлөө:** Жергиликтүү жамааттын салымы сөзсүз түрдө акчалай болушу керек деген талап жок. Үй-бүлөлөр материалдары (курулушта колдонулчу кум, таш ж.б.у.с.) менен бөлүшүсө, иш аткарып жардам беришсе же тамак-аш жана баш калкалоочу жай менен камсыз кылышса болот. Мунун баары программанын чыгымдарын азайтат.



Металл сүлдөргө пластик тилкелерин согуу жолу аркылуу отургучтар жасалып, сатылып, киреше өндүрүлөт, жана пайдалуу ык-жөндөмдөрдү үйрөтүү камсыз кылынат (PROJIMO долбоору).

- **Киреше өндүрүүчү ишмердик:** Программанын чыгымдарынын ордун толтуруунун дагы бир жолу – ар кандай буюмдарды жасап сатуу. Мындай жол аркылуу жашы улуураак балдарга жана программада убактылуу иштегендерге түрдүү ык-жөндөмдөрдү үйрөнүү мүмкүнчүлүгү да камсыз кылынат. Бул 509-бетте андан ары талкууланат.


  Түрдүү буюмдарды жасап сатуудан көп каражат түшпөсө да, кошумча киреше ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды көбүрөөк санда жалдоого программага мүмкүнчүлүк бериши мүмкүн. Алар бир убакта реабилитациялык жана киреше өндүрүүчү ык-жөндөмдөрдү үйрөнүшөт. Айылдарына кайтканда, ык-жөндөмдөрдүн бул эки түрүн көпчүлүктүн пайдасына колдоно алышат.

  Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жана мындай адамдар тарабынан иштетилген программалардын айрымдары чыгымдарынын чоң бөлүгүнүн ордун түрдүү буюмдарды жасап сатуу жолу аркылуу толтуруу ишинде ийгиликтерге жетишишти. Мисалы, Бангладештеги шал адамдарды реабилитациялоо борборунда көптөгөн түрдүү ортопедиялык жана ооруканалык жабдуулар жасалып, көбү ортопедиялык ооруканаларга сатылат. (518-бетти караңыз.) Никарагуадагы, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардан турган революциянерлер уюму начар жолдордо жүрүүгө жарактуу, арзан баалуу дөңгөлөктүү отургучтарды өндүрүүчү, финансылык жактан дээрлик көз карандысыз ийгиликтүү бизнести негиздеген. (519-бетти караңыз.) Парагвайда, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жумушчулардан турган жумушчу топ дөңгөлөктүү отургучтарды өндүрүүчү чакан бирок финансылык жактан көз карандысыз бизнести түптөгөн.



Жеңил бут кийим жасоо ишмердиги киреше табууга жана кийин бул менен өз алдынча алектенип, акча табууга зарыл ык-жөндөмдөрдү үйрөтүүгө мүмкүнчүлүк берет (PROJIMO долбоору).

- **Оңдоп-түзөө иштери:** Сатыкка алып чыгаруу үчүн түрдүү буюмдарды жасоодон тышкары, айылдык реабилитациялык борбордун кызматкерлеринин жумушчу тобу түрдүү оңдоп-түзөө жумуштарын камсыз кыла алат. Мексикадагы PROJIMO жумушчу тобу соколорду, велосипеддерди оңдоп, шаймандарды жана түрдүү техниканын бузулуп ажырап кеткен бөлүктөрүн ширетип, чакалардагы жана машинелердин радиаторлорундагы тешиктерди кандап, бут кийимдердин тамандарын калыбына келтирип, балталарды курчутуп иш кылат. (Алар атүгүл олуялардын гипстен жасалган, чиркөөлөрдөгү скульптураларынын сынып калгандарын калыбына келтиришкен!) Мындай жумуштардын баарын дөңгөлөктүү отургучтарды жана реабилитациялык көмөкчү каражаттарды жасоодо колдонгон ык-жөндөмдөрүн жана жабдууларын пайдалануу аркылуу эле аткарышат. Айылында квалификациялуу мындай оңдоп-түзөө кызматын алардан тышкары эч ким камсыз кылбайт. Жумушчу топ ушуга окшогон далай нерселерди аткаруу жолу аркылуу айылдаштарынын сый-урматына ээ болууга, алар жергиликтүү коомчолордогу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктарын түшүнө баштоосуна жана ошондой көйгөйлүү адамдарга мамилесин жакшыртуусуна жетишти.



PROJIMO долбоорунда дөңгөлөктүү отургучтарды жасаган кызматкер айылда турган эркек баланын велосипединин сынган сүлдөрүн ширетип жатат.

- **Жакыр үй-бүлөлөр үчүн көмөкчү каражаттар менен кызматтарды камсыз кылуучу "көмөкчү фонд":** Жергиликтүү коомчо иштеткен программа муктаж болгон балдарга керектүү кызматтарды жана көмөкчү каражаттарды арзан баада камсыз кылганына карабастан, биз буга чейин айткандай, көптөгөн үй-бүлөлөрдүн булар үчүн төлөгүдөй акчалары жок. Мындай жагдайда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланын муктаждыктарын жетиштүү түрдө канааттандыруу үчүн, белгилүү бир өлчөмдө финансылык жардам көрсөтүү зарылчылыгы чыгат.

Мындай жардам менен камсыз кылуу үчүн, PROJIMO программасы тыштан каржыланган "көмөкчү фонд" түздү. Фонддогу акча каражаты банкта, өзүнчө аманат болуп сакталат. Үй-бүлө алган тейлемдин же көмөкчү каражаттын толук наркы менен ошол үй-бүлө төлөй алган акчанын ортосундагы айырмачылык ушул аманаттан төлөнөт. Программанын кызматкерлери, ушндай жол аркылуу, аткарган кызматтары жана жасаган көмөкчү каражаттары үчүн маянасын толук алышат. Иш жүзүндө, фонд түзмө-түз программага жардам бербей, жакыр үй-бүлөлөргө жардам берет. Мындай ыкманын артыкчылыгы – топ аткарган иштин натыйжалуулугуна үй-бүлөлөр баа беришет. Эгер топ натыйжалуу иштеп, эффективдүү башкаруу ык-жөндөмдөрүн жакшылап өрчүтсө, келечекте программа сырттан каржылоого муктаж болбоого жетишет. Маяналардын, керектүү материалдардын жана бардыгын иштиктүү абалда сактоо чыгымдарынын ордун көмөкчү фонддон болгон төлөмдөр жана үй-бүлөлөр колунан келишинче төлөгөн акча менен толтуруу мүмкүн. Жакыр үй-бүлөлөрдүн финансылык жардамга муктаждыгы мурункудай эле зор болгонуна карабастан, программа белгилүү бир мааниде көз карандысыз болууга жетишти. Ишмердигинин үчүнчү жылында PROJIMO программасы бул көрсөткүчтөр боюнча өзүн өзү каржылоо критерийине жакындай баштады.

Программа "көмөкчү фонду" үчүн каржылоону эмдигиче өкмөттөн издеп жүрүүсүн далил кылып, мындан күмөн саноо толук мүмкүн. (Так ушул нерсе азыр Никарагуада болуп жатат. 482-беттин түбүндөгү шилтемени караңыз.) Фондду атүгүл өкмөттүн жергиликтүү өкүлүнүн (эгер ал абийирдүү адам болсо) же программада иштебеген тышкы администратордун көзөмөлүнө калтырса деле болот. Ар айдын аягында топ администратордун алдында үй-бүлөлөргө карата аткарылган иш жана аларга берилген көмөкчү каражаттар, алардын акчалай наркы жана үй-бүлөлөр төлөгөн акчанын көлөмү (муну далилдеген маалымат жазылган, ошол үй-бүлөлөрдүн колу коюлган баракчалар менен чогуу) боюнча эсеп-кысап даярдап, жооп берип турса болот. Бул ишти төлөмдөр келишимдин негизинде аткаргылгыдай кылып уюштуруу мүмкүн.

Төмөндө "көмөкчү фонддон" төлөнгөн акча каражаттарын каттоо үчүн ыңгайлуу форма келтирилген.

ТЕЙЛЕМДИН АТАЛЫШЫ, АНЫН НАРКЫ ЖАНА ТӨЛӨМДӨР    Айы ______________________ , 20 ____ .

| Датасы | Аткарылган тейлем же камсыз кылынган көмөкчү каражат | Ким аткарды же ким камсыз кылды | Ким үчүн | № п/п | Толук чыгымы | | | Төлөм | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Саатына … сом турган иш | Материалдарга кеткен чыгымдар | Баардыгы болуп (+ 30% кошумча чыгымдары ) | Үй-бүлө төлөгөн акча | Көмөкчү фонддон төлөнүү үчүн |
| | | | | | | | | | |